**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ**

**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТТЫК**
**ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ**
**СУЗАК РАЙОНДУК ИЧКИ ИШТЕР**
**БӨЛҮМҮ**

721300 Сузак району, Сузак айылы
Сатымалды Палван көчөсү № 111
Тел. (факс) (03746) 5-02-09

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**

**УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКОЙ ОБЛАСТИ**
**ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**
**СУЗАКСКОГО РАЙОНА**

721300, Сузакский район, село Сузак
ул. Сатымалды Палвана № 111
Тел. (факс) (03746) 5-02-09

---

22.11.2024 № 24-4/3357

_______________ № ___________ катка

Сузак аймактык шайлоо
комиссиясынын торайымы
**Г.Сапаровага**

Сузак РИИБдин Тергоо кызматы Сизге 19.11.2024-жылы Сузак РИИБдин МЭЖде №02-043-2024-003608 саны менен катталган материал боюнча текшерүү иштери жүргүзүлүп, текшерүүнүн жыйынтыгы менен Кыргыз Республикасынын КЖПКнын 27-бер. 1-б. 2-п негизинде кылмыш ишин козгоодон баш тартылгандыгын билдирет.

Эгер сиз кабыл алынган чечим менен макул болбосоңуз 10 күндүн ичинде Сузак районунун прокуроруна даттанууга укуктуусуз.

Сузак РИИБдин Тергоо
кызматынын улук тергоочусу
милициянын майору

Мурзаева Б.С.

02-043-2024-003608-01-001-

# ТОКТОМ / ПОСТАНОВЛЕНИЕ
## кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү / об отказе в возбуждении уголовного дела

Сузак айылы 21.11.2024-ж.г.

Мен, Сузак РИИБдин Тергоо кызматынын улук тергөөчүсү милициянын майору Мурзаева Б.С., Сузак РИИБдин МЭЖне №02-043-2024-003608 саны менен катталган материалдары карап чыгып, төмөндөгүлөрдү

## АНЫКТАДЫМ / УСТАНОВИЛ:

Сузак районунун Барпы айыл аймагынын Тобой айылынын М. Жамгырчиев көчөсүнүн №9 үйүнүн тургуну Жамгырчиев Машрап арыз менен кайрылып, анда ал 2024-жылдын 17-ноябрь куну жергиликтуу кенештин депуттарын шайлоо боюнча откон шайлоодо №3 шайлоо округунун Барпы Алыкулов мектебинде №2120 шайлоо участкасында №6 байкоочулук куболук алып 17-ноябрь куну толук шайлоо учурунда байкоочу болуп иштеген Каржоодиев Апсалам Кимсанович Барпы айыл окмотундо вет адис муниципалдык кызматкер болуп иштегендиктен, №3 шайлоо округундагы №2120 шайлоо участкасынан Апсаламов Аскат Апсаламович алган добушун жокко чыгарып беруунү суранган.

Аталган факты боюнча топтолгон материал 19.11.2024-жылы Сузак РИИБдин МЭЖне 02-043-2024-003608 саны менен катталган.

Текшеруу учурунда Каржоодиев Апсалам Кимсанович кубо катары суралып, "мен Сузак районунун Барпы айыл аймагында ветеринардык адис болуп 2002-жылдан баштап бугунку кунго чейин иштеп келемин. Мен 2024-жылдын 1-октябрынан баштап 18-ноябрга чейин 50 кунго эмгектик оргууго чыкканмын. 2024-жылдын 17-ноябрь куну жергиликтуу кенешке депуттарды шайлоо болгондо мен шайлоого жаран катары катышканы №2019 шайлоо участогуна барсам ал жерден мен тизмеден чыкпай калдым. Ошол жерден мени №2120 шайлоо учсткасына Барпы Алыкулов мектебине жонотушту ошол жактан тизмеден чыкасын деп айтышты. Мен ал жерге келсем компьютерден карап беребиз куто турун деп айтышты, мен ал жерде дагы копко утуп туруп калдым, эшик суук болгондуктан мектептин ичине кирип кутуп отуруп тургамын. Бирок ал жерден дагы тизмеден чыкпай калдым, ошентип шайлоого катышпай калдым. Мени эч ким байкоочу кылып койгон эмес, мен тизмени карагыча отуруп турайын десем ошол жердеги секретарь кыз байкоочу болуп куболугу барлар гана отурат бул жерде деп айткандыктан мен байкочу деп куболукту алып 1,2 саат отурдум, тушток кийин болуп калганда менин фамилиям тизмеден чыкпагандан

кийин мен кеттим деп секретарь кызга байкоочулуктан кетти деп белгилеп кой, тизмеден чыкпасам шайлоого катышпасам кеттим деп кетип калганмын. Бирок секретарь кыз байкоочу болуп катталып калдыныз эми байкоочулардын тизмесинен чыгара албаймын паспортунуздун кочурмосу калат деп айткан. Мен байкоочунун кызматын аткарган деле жокмун, элдин арасында 1,2 саат отуруп кетип калдым. Эгер мен саат 08:00дон баштап 20: 00го чейин байкоочу болуп отурсам ошондо неге Жамгырчиев Машраптин байкоочулары акты тузушкон жок. Административдик ресурсу пайдаланып мен колумда иштегендерди алып келип шайлоого киргизген жокмун, бензин куюп берип же машинам менен аламдырды шайлоого ташыган жокмун. Бар болгону тизмеден фамилияды караганча 1,2 саат кутуп отурганмын. Ал жерде административдик ресурс колдонулса балам Аскат коп добуш алмак, ошол №2120 шайлоо участкасынан Аскат 99 эн аз добушту алды, ал эми М.Жамгырчиев 247 добуш алды"-деп корсоткон.

Ал эми иш боюнча суралган Жамгырчиев Машрап, "2024-жылдын 17-ноябрь куну жергиликтуу шайлоо болуп отту, мен озумдун кандитатурамды Сузак районунун Барпы айыл аймагынан койгонмун. Мен шайлоонун жыйынтыгына наразымын себеби Барпы айыл окмотунун вет адиси муниципалдык кызматкер Каржоодиев Апсалам Кимсанович №3 шайлоо округу Барпы Алыкулов мектебиндеги №2120 шайлоо участкасында №6 байкоочулук куболук алып 17-ноябрь куну толук шайлоо учурунда байкоочу болуп иштеди, андан сырткары байкоочу болуп отурбастан шайлоочуларды каттоо жагына барып отуруп алган, дагы кошумчалап айта турган болсом А.Каржоодиев озунун баласы Апсаламов Аскат Апсаламович дагы ушул шайлоо округунан озунун мандатын койгон. Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жонундо 2021-жылдын 17-октябрдагы №125 сандуу Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 15-беренесинде Мамлекеттик жарандык кызматка жана муниципалдык кызматка байланышкан чектоолор корсотулгон. Мен А. Каржоодиев шайлоочуларды каттаган жерде отурганын коруп кирейин десем элдик кошун сиз кандидатсыз кирсениз болбойт еп киргизген жок, мен башка шайлоо участкасына кетип кайра келсем А.Каржоодиев дагы эле ошол ордунда отуруптур"-деп корсоткон.

Мындай жагдайларга караганда, аталган фактыда кылмыштын курамы байкалбагандытан, кылмыш ишин козгоодон баш тартууга жатат деп эсептеймин.

**Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 36, 37, 153, 154 жана 27-беренесин 1-болүмүнүн 2-пунктун жетекчиликке алып** / На основании вышеизложенного, руководствуясь требованиями статьи 36, 37, 153, 154 и 27 части 1 пункта 2 УПК Кыргызской Республики,

**ТОКТОМ КЫЛДЫМ** / ПОСТАНОВИЛ:

1. Сузак РИИБдин МЭЖне №02-043-2024-003608 саны менен катталган материал боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартылсын.

2. Кабыл алынган чечим менен кызыккан тараптар тааныштырылсын жана укук милдеттери түшүндүрүлсүн.

3. Токтомдун көчүрмөсү маалымат иретинде Сузак районунун прокуроруна жиберилсин.

**Улук тергоочу:** **Мурзаева Б. С.**